УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-163-166

**СЫДЫКОВ Н.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**СЫДЫКОВ Н.**
КНУ им. Ж.Баласагына
**SYDYKOV N.**
KNU J.Balasagyn

# АДАБИЯТЧЫЛАРДЫН АЛП МОГИКАНЫ
## ЛИТЕРАТУРНЫЙ ВЕЛИКИЙ МОГИКАН
## THE OUTSTANDING SPECIALIST IN STUDY OF LITERATURE

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада адабиятчы А.Садыковдун илимпоздук ишмердүүлүгү жөнүндө сөз болот. Мында анын адабият таануу илимине кошкон салымы, жалпы чыгармачылыгынын үч этабы ачылды.

**Аннотация:** В статье речь идет о творчестве литературоведа А.Садыкова. Раскрываются три аспекта его творчества, литературоведческого мастерства.

**Abstract:** In this article A. Sadykov'sworks were analyzed. His contributions to literature were studied and his works were classified into three stages.

**Негизги сөздөр:** адабият таануу; студент; кафедра; устат; шакирт; лекция; педагог; окумуштуу.

**Ключевые слова:** литературоведение; студент; кафедра; наставник; ученик; лекция; педагог; ученый.

**Keywords:** literary studies; students; department; teachers; lecture; academic; scholar.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин Манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, Республиканын илимине эмгек синирген ишмер, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, маркум Абдыкадыр Садыковдун илимий-педагогикалык ишмердигине токтолууну туура көрүп турам. Анткени адабиятчынын элге кылган эмгеги жаштарга үлгү болмокчу.

―Кыргыз залкарлары‖ деген аталыштагы адабият таануу боюнча 15 том чыгаргандыгы – азыркы учурда бул эрдик. Бир китеп эмес, бир макала жазганга да айрым адабиятчылардын мүмкүнчүлүгү да, убактысы да жок. Ал эми Абдыкадыр Садыковдун бул китептери – көп жылдык талыкпас эмгегинин, кажыбас кайратынын натыйжасы. Адабиятчынын басып өткөн эмгек жолу – бул башкалар өрнөк алчу татаал жол. Анын байсалдуу эмгек жолу анын алдына койгон максатынын үч бийиктигинен байкалат. Анын биринчиси, пединституттан төрт жыл билим алышы болуп саналат. Адабиятчынын педагогдук иши дал ушул жылдарда башталган. Анын курсташы, акын Сулайман Маймулов эскергендей, аларда эки айырмаланган студент бар эле. Бирин Атак дешсе, экинчисин Жатак дешчү экен. Атак күнү-түнү эмгектенип, эң жакшы окуса, Жатак сабакка анда-санда катышып, көбүнчө окубай жалкоолончу экен. Ошол Атак деген атка татыктуу адам биз сөз кылып жаткан Абдыкадыр Садыков эле. Ал студент кезинде "Педагогика" деген орусча окуу китебин лекция катары кыргызча которуп, өзүнүн

курсташтарына жана өзүнөн кийинкилерге чоң жардам бергендиги – кызыктуу факт. Педагогдук ишке ошол студенттик кезинен тартып киргендиги, андан кийин Ош педагогикалык институтунда, В.Маяковский атындагы Кыз-келиндер пединститутунда окутуучу болуп иштегендиги белгилүү. Андан кийин Кыргыз илимдер академиясында иштеп жүргөн кезинде да педагогдук ишин таштабай, Кыргыз мамлекеттик университетинин жана кыз-келиндер пединститутунун кыргыз адабияты кафедраларында педагогдук ишин улантып келген.

Ал эми 1988-жылдан баштап, Кыргыз мамлекеттик университетинде профессор, бир жылдан кийин кафедра башчысы болуп орношуп, студенттерге билим жана таалим-тарбия берип келген. Ал бардык билимин жаштарга берүүгө аракеттенип, лекция окуп, практикалык сабактарды өтүп, аларга талапты да катуу койчу. Сабакты көп калтырган, билим алууда үстүртөн мамиле кылган студенттерди жактырган эмес. Ал эми сабакка үзгүлтүксүз келген, берилген тапшырмаларды мыкты аткарган студенттердин ишин жогору баалаган. Мыкты окуп, адабиятка шыктуу жаштарды аспирантурага сунуштап, шакирттикке чакырган. Бул – Абдыкадыр Садыковдун педагогдук ишмердигинин айрым бир гана жактары.

Илимпоздун максатынын экинчи баскычы Кыргыз илимдер академиясында иштеген жылдарын айтсак туура болот. 1960-жылдан тартып Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда адегенде кенже илимий кызматкер, эки жылдан кийин улук илимий кызматкер болуп иштейт. 1966-жылдан тартып, ―адабий байланыштар‖ деген наамдагы жаңы сектор ачылып, анын башчылыгына дайындалат. 1974-жылы Тил жана адабият институтун директорунун орун басары, 1980-жылдан тартып, институттун директору болуп ийгиликтүү эмгектенген.

Негизинен, Улуттук илимдер академиясында иштеген 28 жылдык өмүрүндө көптөгөн ийгиликтерге жетишти. Бул жылдар ага адамдык абройду, илимпоздук атак-даңкты, жетекчилик иштеги такшалууну алып келди. Академияда иштеген жылдары Абдыкадыр Садыков "Кыргыз адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы" деген темада илимий ишин ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын жана профессор наамын алды. Республиканын илимдер академиясынын корреспондент-мүчөлүгүнө шайланды. Окумуштууга "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наам берилип, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болду.

Адабиятчынын чыгармачылыгындагы үчүнчү бийиктик профессор Абдыкадыр Садыковдун Кыргыз мамлекеттик университетинин СССР элдеринин адабияты кафедрасында профессор, андан кийин дүйнөлүк адабияттын тарыхы жана теориясы кафедрасынын башчысы болуп иштеген жылдарга таандык. Бул мезгилде анын педагогдук ишмердиги, окумуштуулук кеңири арымы, устаттык чеберчилиги көрүндү. Мунун далили катары 36 илимдин кандидатын, 6 илимдин докторун даярдагандыгын, 42 окумуштууга оппонент болгондугун, 76 окуу китебин жана монографияны жазгандыгын айтсак жетиштүү болчудай.

Башканы коюп, ―Манасты‖ айт дегендей, А.Садыковдун жогоруда сөз кылып жаткан 15 томдугу тууралуу сөз кылбасак болбойт. ―Кыргыз залкарлары‖ деген наамдагы беш томдугу адегенде 2008-жылы жарык көргөн. Ал эми кийинки он томдугу 2012-2013-жылдары басылып чыкты. Кийинки чыккан он беш томдук тууралуу сөз кылууну туура таптым.

Биринчи томдо кыргыз профессионал адабиятынын башатында турган, ат көтөргүс залкарлар А.Токомбаевдин, М.Элебаевдин, Ж.Турусбековдун жана Т.Сыдыкбековдун чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз кылат. Алардын ―Кандуу жылдар‖, ―Узак жол‖, ―Ажал ордуна‖ жана ―Кең-Суу‖ чыгармаларынын алгачкы үчөөндө кыргыз элинин 1916- жылдагы падышалык колонизаторлорго каршы чыгарган улуттук-боштондук көтөрүлүшү тууралуу сөз жүрөт жана көркөмдүк жактан жогору иштелгендиги менен өз ордун тапкандыгын адабиятчы туура аныктаган. Ал эми Т.Сыдыкбековдун өткөн кылымдын отузунчу жылдарындагы айыл чарбасын коллективтештирүүгө арналган ―Кең-Суу‖ романы кайрадан иштелип, ―Тоо арасында‖ аталып, кыргыз адабиятынын классикалык чыгармасына айлангандыгын адабиятчы далилдүү фактылар, илимий ой жүгүртүүлөр менен ачып берет.

Он беш томдуктун экинчи тому кыргыз элинин залкар акыны А.Осмоновдун чыгармачылыгына арналган. Анын ырлары колориттүүлүгү, образдуулугу жана көркөм табылгага байлыгы менен айырмалангандыгын автор далилдүү мисалдар менен айтууга жетишкен.

Кыргыз адабиятынын сыймыгы, дүйнөлүк маанидеги жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу үчүнчү томдо айтылган. Мында Ч.Айтматовдун жазуучулук өнөрүнө, көркөм сөз каражаттарына, каармандардын прототиптерине жана андагы символдордун маанисине кеңири токтолгон. Аларды жөн эле айта бербестен, мисалдар менен далилдеп, айрым адабиятчылардын пикирлерине да таянган. Бул болсо иштин илимий жактан чың болушуна өбөлгө түзгөн.

Андан кийинки томдордо адабиятчы кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал акын-жазуучулар жана драматургдар Ж.Бөкөнбаевдин, М.Алыбаевдин, С.Жусуевдин, С.Эралиевдин, Т.Абдымомуновдун, М.Байжиевдин, Б.Сарнагоевдин, С.Өмүрбаевдин, Ж.Садыковдун, О.Султановдун, Т.Касымбековдун, Б.Жакиевдин, К.Жусуповдун, М.Абылкасымованын, Ш.Дүйшеевдин, А.Өмүркановдун жана башкалардын чыгармачылыгындагы урунтуу учурлар, өмүр жолундагы алгылыктуу иштер жана алардын адабиятыбызга кошкон салымдары тууралуу кеңири сөз болот.

Ал эми кыргыз адабият таануусу жана сыны өзүнчө жанр катары калыптанып бүткөндүгү баарыбызга белгилүү. Бул жанрдын ири өкүлдөрү К.Асаналиев, К.Укаев, Ш.Үмөталиевдин чыгармачылык портрети да өз деңгээлиндеги талдоодон өткөрүлгөн. Бул сынчылардын чыгармачылыгы тогузунчу томдуктан орун алган.

Ал эми он беш томдук – адабиятчы А.Садыковдун кажыбас эмгегинен жаралган китептер. Жогорудагы эмгектерди жазууда көп иштеп, көп окугандыгы көрүнүп турат. Профессор С.Байгазиев образдуу айткандай, Абдыкадыр Садыков бул – адабият боюнча өзүнчө эле китепкана. Ооба, А. Садыков – чыныгы китепкана. Андан биз билбеген, укпаган көптөгөн ойлорду, пикирлерди кезиктиребиз. Анын китепканасынан көптөгөн акын-жазуучулардын, адабиятчылардын ысымдарын окуп, алардын өмүрү,

чыгармачылыгы тууралуу ой жүгүртүүлөрдү окуйбуз. Жыйынтыктап айтканда, белгилүү адабиятчы, залкар педагог, таанымал устат Абдыкадыр Садыковдун чыгармачылыгы кийинки муундарга өрнөк болот десек жаңылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Сыдыков А. Кыргыз залкарлары. – Бишкек: Бийиктик, 2020; 2015.